КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Ош мамлекеттик педагогикалык университети

Ош МПУнун Магистратурасы жөнүндө ЖОБО

Ош шаары, 2021

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ



Негизи:

Ош МПУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2021-жылдын 3-май айындагы № 5-протоколунун негизинде бекитилди.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети

Магистратура жөнүндө жобо

Ош, 2021

Ош МПУнун магистратурасы жөнүндө жобо

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Окумуштуулар Кеңешинин “3” май айындагы 2021-жылы №5 протоколдун чечими менен кабыл алынган.

Бул жободо Кыргыз Республикасынын жарандарына жогорку билим берүүнүн көп баскычтуу системасын, магистрдик программаны ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жогорку билим берүүдө (магистратура) жетектөөчү документтеринин негизинде жана Ош МПУда магистратурада окутуунун ченемдик-укуктук жоболорун ишке ашыруу үчүн жогорку окуу жайдын профессорсордук-окутуучулук курамынын, педагогикалык кызматкерлеринин иш аракеттерин уюштуруунун негизги багыттарын жана тартибин аныктоочу негизги эрежелери көрсөтүлгөн.

МАЗМУНУ

1. Жалпы жоболор_____5
2. Магистрдик программаны ачуу тартиби_____6
3. Магистрдик программаны жетектөө_____7
4. Магистрдик программага кабыл алуу эрежелери_____ 8-9
5. Магистрдик программага коюлуучу талаптар_____10-12
6. Магистратура программасы боюнча окуу жараянын уюштуруу__13-17
7. Окуу жараянын пландаштыруу_____18-19
8. Окуу жараянын уюштуруу_____20-22
9. Академиялык карыздарды жоюу_____23
10. Магистранттардын илимий-изилдөөчүлүк иштери_____24
11. Башкаруучулук (педагогикалык) практика _____25-26
12. Илимий-педагогикалык практика_____27-28
13. Илимий-изилдөөчүлүк иштер_____29-32
14. Магистрдик диссертацияга жетекчилик _____33-34
15. Магистратуранын программасына жетекчилик_____35-36
16. Тиркемелер _____37-46

Ош мамлекеттик педагогикалык университети – өзүнүн миссиясына ылайык билим берүүдө сапат кепилдигин камсыздоо менен коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган, интеллектуалдык потенциалы жогору, атаандашууга жөндөмдүү, дүйнөлүк деңгээлге интеграцияланган, педагогикалык, социалдык-экономикалык багыттагы жогорку жана орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдайт.

Ош МПУ эки баскычтуу билим берүүгө (бакалавриат, магистратурага) укук алган республикадагы мамлекеттик окуу жай болуп эсептелет.

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул Жобо Ош МПУнун профессордук-окутуучулук курамынын КРнын жана башка мамлекеттердин жарандарын көп деңгээлдүү жогорку кесиптик билим берүү тутумунда магистрдик даярдоону ишке ашыруу жаатындагы А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Уставдык жоболорун жана КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин (КРнын ББжИМ) жетектөөчү документтеринин негизинде профессордук-окутуучулук курамдын иш аракеттерин уюштуруунун негизги багыттарынын жана тартибинин, жолдорунун негизги эрежелерин камтыйт.

1.2. Бул Жобо КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына (2003-ж.), «Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруунун түзүмү жана шарттары жөнүндө» Жобого (2004-ж.), Жогорку билим берүүнүн багыттары боюнча магистрлерди даярдоонун талаптарына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Ош МПУда магистрдик даярдоо «Билим берүү жөнүндө», «ЖОЖдон кийинки жогорку кесиптик даярдоо жөнүндө» мыйзамдардын негизинде, КРнын эки баскычтуу жогорку билим берүү тутумунда магистрдик даярдоо (магистратура) жөнүндө Жобого, КР ББжИМнин бекитилген токтомдору менен буйруктарына ылайык жүзөгө ашырылат.

1.4. Ош МПУда магистратурада билим берүү формасы күндүзгү, күндүзгү-сырттан, дистанттык технологиялардын элементтерин колдонуу менен келишимдик негизде, педагогикалык багытта магистрлерди даярдоо лицензиясына ылайык ишке ашырылат.

1.4. Магистратурада окутуулучу курстардын тизмеси жана алардын мазмуну, магистрдик диссертацияны аткарууга, ишке ашырууга талаптар окуу жай тарабынан белгиленет. Магистрди даярдоо жогорку билим берүүнүн көп (2) баскычтуу түзүмүндө негизги кесиптик билим берүү программаларынын бири катары жүзөгө ашырылат.

1.5. Жогорку кесиптик билим берүү программаларын даярдоо окуу жайдын тиешелүү кафедраларында бекитилет. Көрсөтүлгөн тиешелүү кафедралар менен бирге магистратура бөлүмү магистранттарды кабыл алуу, окуу жараянын уюштуруу жана жүргүзүү менен тиешелүү багыттар боюнча магистранттарды даярдоонун сапаты үчүн жооп берет.

1.6. Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, магистрдик окутуу программасы эки жылдык мөөнөткө берилип билим берүү, илимий изилдөө жана илимий уюштуручуулук ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

1.7. Магистрлерди даярдоо КР Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты менен лицензия алынган тиешелүү программаларда гана жүргүзүлөт. Академиялык квалификациялык даражасы: магистр. Магистрдик программаны ачуу Ош МПУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

2. МАГИСТРДИК ПРОГРАММАНЫ АЧУУ ТАРТИБИ

2.1. Магистратураны ачуу КРнын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Билим берүү ишмердүүлүгүн лицензиялоо жөнүндө жобого» ылайык жүзөгө ашырылат.

2.2. КРнын ББжИМнин лицензиясы алынган багыт (программа) боюнча магистрдик программаны ачуу, ачылып жаткан программа боюнча магистрдик даярдоонун жумушчу окуу планын бекитүүдөн жана бекитилген

окуу планында камтылган бардык окуу дисциплиналарынын жумушчу программаларын бекиткенден кийин жүзөгө ашырылат, окуу жайдын ректорунун буйругу менен таризделет.

2.3. Магистратурага кабыл алуу КРнын ББжИМдин тиешелүү багыт боюнча магистрлерди даярдоо укугун берген лицензиясы болгондо жарыяланат.

2.4. Магистрдик программа аныкталган тартипте мамлекеттик көз карандысыз аккредитациядан өтөт.

3. МАГИСТРДИК ПРОГРАММАНЫ ЖЕТЕКТӨӨ

3.1. Ош МПУнун бардык магистрдик программаларына жалпы жетекчиликти ректор жүзөгө ашырат.

3.2. Магистрдик программаны ишке ашыруунун бардык аспектилерин көзөмөлдөөнү магистратура бөлүмү, деканат жана кафедра башчылары жүзөгө ашырат.

3.3. Магистрдик программанын жетекчиси окуу планын иштеп чыгууну жүзөгө ашырат, адистик дисциплиналарды жана мазмунун аныктайт, жалпы программа боюнча магистранттарды даярдоонун сапатына жооп берет, магистранттардын илимий изилдөөчүлүк практикасына жетекчиликти аткарат, магистрдик диссертациялардын тематикасына эксперттик баалоо жана түзөтүү жүргүзөт.

3.4. Ар бир магистрантка илимдин докторлору же илимдин кандидаттарынын ичинен, же магистрдик программанын тематикасы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп жаткан жогорку квалификациялуу адистердин ичинен илимий жетекчи дайындалат. Илимий жетекчилерди дайындоо окутуунун биринчи жылы ичинде кафедра башчысынын көрсөтүүсү менен жүзөгө ашырылат да, ректор же илимий иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет. Илимий жетекчи магистранттын илимий ишмердүүлүгүнө түздөн-түз жетекчилик кылат, илимий-изилдөөчүлүк ишти аткаруусун көзөмөлдөйт жана магистрдик диссертацияны даярдоого жетекчиликти жүзөгө ашырат.

4. МАГИСТРДИК ПРОГРАММАГА КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

4.1. Тиешелүү тармактарда жогорку кесиптик билим берүүнүн магистрдик программасына тектеш программаларда жогорку кесиптик билим берүү боюнча “бакалавр” академиялык даражасы же “адис” квалификациясы ырасталган тиешелүү мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар жарандар кабыл алынат.

4.2. Ош МПУнун магистратурасына кабыл алуу эрежелерин ректор ушул Жобонун негизинде жана КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 16-июнунда берилген №328 токтомуна ылайык бекитилген «КРнын ЖОЖдоруна кабыл алуунун тартибине» ылайык бекитилет.

4.3. Келишимдик негизде окутуунун шарттары, тартиби Ош МПУда келишимдик негизде окутуу жөнүндө Жобосу менен тейленет. Жобонун негизинде окууга келип кирген биринчи курстун магистранты менен окуу жайдын ортосунда келишим түзүлөт.

4.4. Жарандардын арыздарынын негизинде тиешелүү программалар боюнча окутуу үчүн конкурстук кирүү сынактарын уюштуруу, өткөрүү боюнча жана жыйынтыктарынын негизинде жарандарды магистратурага кабыл алууну өткөрүүнү Ош МПУ тарабынан дайындалган кабыл алуу комиссиясы ишке ашырат. Ар бир багыт боюнча магистратурага кирүү сынактарын өткөрүү боюнча экзамендик комиссияларынын курамы Ош МПУнун ректорунун буйругу менен таризделет.

4.5. Кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү ишке ашырат:

- кабыл алуу жана тапшыруучулардын берилген документтерин кароо, талдоо, алардын квалификациясынын магистратурада тандаган багытына тектештигин аныктоо;
- Ош МПУнун магистратурасына келип түшкөн арыздарынын негизинде кирүүчүлөр үчүн конкурстук сыноолорду уюштуруу жана өткөрүү;

4.6. Магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кабыл алууда программаларга кирүүчүлөрдүн саны (лицензиялык норманын чегинде), тизмеси, жана кирүү сынактарын өткөрүүнүн формасын (экзамендер же

аңгемелешүү) окуу жай өз алдынча белгилейт.

4.7. Магистратурага кирүү экзамендери же аңгемелешүү сынактык комиссия тарабынан багыттар боюнча программаларына ылайык иштелип чыккан материалдардын (тесттик тапшырма же суроо-жооптор) негизинде өткөрүлөт.

4.8. МАКтын сунушу менен, окуу жайдын тиешелүү багытынын бакалавр программасынын бүтүрүүчүлөрү Ош МПУнун негизги билим берүүнүн магистрдик даражаны алуу үчүн окууну улантууга жеңилдик берилүүгө тийиш.

4.9. Жүйөлүү себеби жок сынактарга же аңгемелешүүгө катышпагандар, же начар баа алгандар магистратурага кирүү конкурсуна катышпайт, окууга кабыл алынбайт.

4.10. Магистратурага кабыл алуудагы белгиленген жалпы пландагы контингентик чек Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген уруксатта көрсөтүлгөн боюнча бекитилет.

4.11. Билим деңгээли экзамендин же аңгемелешүүнүн натыйжасында түзүлөт. 1-курска кабыл алууга зарыл балл көрсөткүчүн кабыл алуу комиссиясы чечет.

4.12. Ош МПУнун конкурстук комиссиясынан өткөн адамдардын тизмеси, Ош МПУнун ректорунун буйругу менен бекитилип (10.09 чейин), жаңы окуу жылына кабыл алынган талапкерлерге -магистранттарга 10 күн ичинде билдирилет, окууга чакырылат.

4.13. Магистратурага кабыл алууда бош орундарга кабыл алуунун 2-туру учурдагы жылдын 10-сентябрынан тартып 1-октябрга чейин магистратурага кошумча жарыяланышы мүмкүн.

4.14. Ош МПУнун магистратурасына тапшырууга келген талапкерлер төмөндөгүдөй документтерди тапшырышы керек:

- Инсандыгын жана жарандыгын тастыктоочу документи - паспорт жана анын көчүрмөсүн;
- Жогорку билими жөнүндө дипломдун түп нускасы;

- Ош МПУнун ректорунун атына, тандаган магистрдик программаларынын багытын көрсөтүү менен жазылган жеке арызы;
- Резюме;
- аскердик каттоо жөнүндө күбөлүктүн же аскердик билеттин көчүрмөсү;
- Сүрөт өлчөмү 3х4 см (6 даана.)

5. МАГИСТРДИК ПРОГРАММАГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

5.1. Магистрдик кесиптик билим берүү программасы тиешелүү багыт боюнча бакалаврдык программадан жана жогорку кесиптик билим берүүнүн үчүнчү деңгээлинин программасынан - магистрдик программанын өзүнөн (мындан ары - магистрдик программа) турат. Акыркысы сааттарынын көлөмү боюнча барабар эки түзүүчүгө ээ болот: билим берүүчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк.

5.2. Программанын билим берүүчүлүк түзүүчүсүнүн мазмуну жалпы илимий жана профессионалдык бөлүк боюнча даярдоо багытынын дисциплиналары берилет.

Программанын илимий-изилдөөчүлүк түзүүчүсүнүн мазмунун илимий жетекчи аныктайт, магистранттардын жекече пландарында катталат да, илимдин, практиканын, кесиптик билим берүүнүн артыкчылыктуу милдеттерин чечүүгө багытталат.

5.3. Ош МПУда магистрдик даярдоо окутуунун күндүзгү, күндүзгү-сырттан формасында жүзөгө ашырылат.

5.4. Магистрдик программалар боюнча окутуунун ченемдик мөөнөтү окутуунун күндүзгү формасы үчүн 2 жылды түзөт. Адистин дипломун алуудан кийин же башка багыт боюнча магистрди магистратурада окутуу жокко чыгарылбайт.

5.5. Магистрдик программа боюнча окутуу студент-магистранттын активдүү өз алдынча иштөөсүнө таянат, буга байланыштуу анын максималдуу көлөмү аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп эсептелет.

5.6. Жекече окуу планын аткарууну көзөмөлдөө үчүн анда окуу планынын бардык дисциплиналары боюнча экзамендер, курстук иштерди коргоонун жыйынтыктары, практика үчүн баалар формасында жүзөгө ашырылуучу учурдагы аттестация жүргүзүлөт. Магистрдик программаны өздөштүрүүнүн бир жылдык мезгили үчүн сынактардын саны алтыдан кем эмес жана ондон ашык эмес болууга тийиш.

5.7. Окуу жараянына жана магистранттын жекече планды аткаруусуна көзөмөлдү кафедра башчысы жана магистрдик программанын жетекчиси жүзөгө ашырат. Окуу планын аткаруунун натыйжалары боюнча университет боюнча магистрдик диссертацияларды коргоого уруксат кылуу жөнүндө буйрук чыгарылат. Магистрдик программанын жетекчиси магистрдик диссертацияларды коргоо боюнча МАКтын курамы жөнүндө сунуш киргизет. МАКтын курамы Ош МПУнун ректорунун сунушу боюнча КРнын ББжИМнин буйругу менен бекитилет. Экзамендик комиссиялар бүтүрүүчү жогорку окуу мекемесинин профессорлук-окутуучулук курамынан жана илимий кызматкерлеринен, ошондой эле сырткаркы уюмдардан чакырылуучу адамдардан: ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын адистеринен - берилген профилдеги кадрларды керектөөчүлөрдөн, башка жогорку окуу жайлардын алдыңкы окутуучуларынан жана илимий кызматкерлеринен түзүлөт (бардыгы 5тен кем эмес адам).

5.8. Жүйөлүү себептерсиз окуу планын мөөнөттөрү же мазмуну боюнча аткарбаган магистрант, кафедра башчысынын, деканаттын, магистратура бөлүмүнүн жана окуу иштери боюнча проректор менен макулдашылган сунушу боюнча ректордун буйругу менен магистратурадан чыгарылат.

5.9. Магистратуранын алкагында ишке ашырылуучу педагогикалык жүктү эсептөө үчүн орнотулган убакыт ченемдери:

№	Практиканын түрү	Сааты	Эскертүү
1.	**Башкаруучулук**	1 магистрантка	

	(педагогикалык иштер) практикасы	1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат		
	Жетекчилерге	**2 жума**	**4 жума**	**5 жума**
	Жетекчилерге (бир магистрантка бөлүнгөн жалпы саат)	3 саат	6 саат	7,5 саат
2.	**Магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы**	1 магистрантка 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат		
Жетекчилерге		**1 жума**	**8 жума**	**9 жума**
Жетекчилерге (бир магистрантка бөлүнгөн жалпы саат)		1,5 саат	12 саат	13,5 саат
3.	**Магистранттардын илимий-изилдөө практикасы**	1 магистрантка 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат		

№	Практиканын түрү	Сааты	Эскертүү
1.	**Магистрдик диссертацияга жетекчилик жана рецензиялоо**	Ар бир магистрдик диссертацияга – 35 саат	Жетекчиге – 32 саат, рецензентке – 3 саат
		Магистранттардын диссертациялык иштерине жетекчилик кылуу	
		Профессорлорго, илимдин докторлоруна	7 магистрге чейин
		Доценттерге, илимдин кандидаттарына	5 магистрге чейин
2.	Магистрдик программанын жетекчисине	Ар бир программага – 30 саат	Программанын жетекчиси 2 тектеш магистрдик программага жетекчи боло алат

5.10. Ар бир магистранттын курстук ишине илимий жетекчилик (аны коргоону кошо) - окутуунун күндүзгү-сырттан формасы үчүн 3 саат;

5.11. Жалпы жана атайын дисциплиналар боюнча лекциялык, практикалык (семинардык) сабактар, экзамендер - бакалавр жана адистин билим берүү программалары боюнча бирдей пландаштырылып жүргүзүлөт;

5.12. МЭКнын жана МАКнын ишине катышуу - дипломдук долбоорлорду коргоодогудай жүргүзүлөт.

5.13. Окуу жүктөмүн жана штаттык жүгүртмөнү магистрдик программанын жетекчиси түзөт.

5.14. Магистрдик программанын штаты тиешелүү кафедралардын окумуштуулук даражага жана наамга, ошондой эле магистрдик даражага ээ окутуучулардан түзүлөт. Адистешүү дисциплиналарын окутуу үчүн тиешелүү кесиптик чөйрөдө ишмердүүлүк тажрыйбасы бар адистер тартыла алат.

5.15. Окуу жүктөмүн жана штаттык жүгүртмө окуу иштери боюнча проректор тарабынан каралып, макулдашылган соң ректорго бекитүүгө берилет.

6. ОшМПУнун магистратура программасы боюнча окуу жараянын уюштуруу

А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети (мындан ары - ОшМПУ) жыйынтыктоочу аттестациянын 4 натыйжалары боюнча ыйгаруучу тиешелүү билим берүүчү окуу программаларын өздөштүрүү даражасы; академиялык календарь (Academic Calendar) - окуу жылы ичинде окуу жана текшерүү иш-чараларын өткөрүү календары, эс алуу күндөрүн (каникулдарды жана майрамдарды) көрсөтүү менен; академиялык өргүү – Ош МПУда күндүзгү, сырттан окуп жаткандар өз окуусун жүйөлүү себептер боюнча (ден соолугу, анын ичинде кош бойлуулугу жана төрөтү боюнча, үй-бүлөлүк шарттар, табигый кырсыктар, КРнын Куралдуу Күчтөрүнүн катарына чакыруу боюнча) убактылуу токтотушкан мезгил; окуп жаткандын академиялык рейтинги (Rating) - окуп жаткандын программалык материалга ээ болуусунун жыйынтыктоочу аттестациянын натыйжалары боюнча түзүлүүчү сандык көрсөткүчү; академиялык саат - дарстык, практикалык (семинардык) сабактардын 80 мүнөткө барабар мезгили; активдүү таркатма материалдар (ATM) (Hand-outs) - сабактар жараянында окуп жаткандарды темаларды чыгармачыл өздөштүрүүгө мотивациялоо үчүн таркатылуучу көрсөтмөлүү иллюстрациялык материалдар (дарстардын тезистери, шилтемелер, мисалдар, глоссарий, өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар); доцент, профессор - ОшМПУнун профессордук-окутуучулук курамынын

кызматтары; окуу дисциплинасына жазылуу (Enrollment) - окуп жаткандардын окуу дисциплиналарына аныкталган тартипте алдын ала жазылуу жол-жобосу; жекече окуу планы (ЖОП) (Curriculum) - билим берүүнүн тиешелүү деңгээлинин окуу дисциплиналарынын тизмеси менен көлөмүн, окуп жаткандын траекториясын регламенттөөчү окуучунун негизги документи; окуп жаткандардын жыйынтыктоочу аттестациясы (Qualification Examination) - окуп жаткандардын билим берүүнүн тиешелүү деңгээлинин мамлекеттик жаппыга милдеттүү стандартында каралган окуу дисциплиналарынын көлөмүн өздөштүрүү даражасын аныктоо максатында жүргүзүлүүчү жол-жобо; жыйынтыктоочу текшерүү (Final Examination) - окуу дисциплинасын окуп үйрөнүү аяктаган соң жүргүзүлүүчү аралыктык аттестациянын түрү; жыйынтыктоочу текшерүүнү өткөрүүнүн формасы экзамен болуп саналат: оозеки, жазуу жүзүндө, тестирлөө түрүндө, комбинацияланган ж.б.; кредит (Credit, Credit-hour) - окуп жаткандын/окутуучунун окуу ишинин көлөмүн өлчөөнүн унификацияланган бирдиги. Бир кредит окуп жаткандын академиялык мезгилдин (семестрдин) нчиндеги жумасына аудиториялык ишинин эки академиялык саатына барабар. Дарстык, практикалык (семинардык) сабактардын ар бир академиялык сааты милдеттүү түрдө магистранттын өз алдынча ишинин (МӨАИ) эки аудиториялык сааты менен коштолот; магистрдик диссертация - илимий жетекчинин жетекчилиги астында аткарылган өз алдынча илимий изилдөө; офис-регистратор - окуп жаткандын бардык окуу жетишкендиктерин каттоонун үстүнөн иштеген жана билимдердин сапатын текшерүүнүн бардык түрлөрүн уюштурууну жана анын академиялык рейтингин эсептөөнү уюштуруучу Ош МПУнун түзүмдүк бөлүмү; дисциплинанын программасы (Syllabus) – өзүнө окулуп-үйрөнүлүүчү дисциплинанын сыпатталышын, максаты менен милдеттерин, анын кыскача мазмунун, ар бир сабактын темасын жана узактыгын, өз алдынча иштин тапшырмаларын, консультация убактысын, окутуучунун талаптарын, баалоо чен-өлчөмдөрү менен эрежелерин, чектик текшерүү жүгүртмөсүн жана адабияттардын тизмесин камтыган окуу программасы; педагогикалык (кесиптик) практика - магистранттын макамы боюнча окуу дисциплинасына теңдештирилген, өндүрүштө иштөөнүн кесиптик көндүмдөрүн калыптандырган билим алуучулук траекториясы; магистранттын өз алдынча иши (МӨАИ) - магистрант өз алдынча окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн темалардын белгилүү бир тизмеси боюнча аткаруучу, окуу-усулдук адабияттар жана сунуштар менен камсыздалган; тесттер, текшерүү иштери, коллоквиумдар, рефераттар, отчеттор ж.б. түрүндө текшерилген иш; магистранттын окутуучунун жетекчилиги астындагы өз

алдынча иши (МОЖАӨАИ) (Office Hours) - окуп жаткандын окутуучунун жетекчилиги астындагы иши, ал окутуучунун педагогикалык жүгүнө киргизилген; орточо жетишүү упайы (Grade Point Average - GPA) - окуп жаткандын тандалып алынган программа боюнча окуу жетишкендиктеринин деңгээлин орточо салмактуу баалоо; такшалтма - кошумча кесиптик билим берүүнүн түрү, ал теориялык даярдоонун натыйжасында алынган кесиптик билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү практикада калыптандыруу жана бекемдөө максатында жүргүзүлөт жана эл аралык үлгүдөгү дипломду алуу учун зарыл теориялык билимдерге ээ болууга жол берет; жетишүүнү учурдагы текшерүү - окуп жаткандардын окуу жетишкендиктерин окуу дисциплинасынын ар бир темасы жана /же бөлүмү боюнча окуу сабактарын сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык алып баруучу окутуучу тарабынан жүргүзүлүүчү тутумдуу текшерүү; транскрипт (Transcript) же академиялык маалымкат - окутуунун тиешелүү мезгилинде өтүлгөн дисциплиналардын тизмесин кредиттерин, бааларын жана орточо упайын көрсөтүү менен камтыган аныкталган формадагы документ; магистранттардын окуу жетишкендиктери - окуп жаткандардын алар окутуу жараянында ээ болуучу жана жетишилген академиялык деңгээлин чагылтуучу билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү; окуу планы (Curiculum) - билим берүүнүн тиешелүү денгээлинин окуу жайдын Окумуштуулар Кеңешинде бекитилүүчү окуу дисциплиналарынын тизмеси менен көлөмүн, аларда окуп-үйрөнүү тартибин регламентеген негизги документ; элективдуу (тандоо) дисциплиналары – окуу жайдын Окумуштуулар Кеңешинде бекитилген дисциплиналардын тизмеси, алардын ичинен окуп жаткан өзүнүн жекече окуу планын аныкталган сааттардын алкагында жүргүзүлөт.

6.1. Бул Жобонун максаты Ош МПУнун тиешелүү магистрдик программасын даярдоо боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн башкаруунун негизги жол-жоболорун тутумдаштыруу болуп саналат.

6.2. Ош МПУда магистрдик даярдоо жогорку кесиптик билимдин негизинде КРнын атайын магистратурасынын классификаторуна ылайык адистиктер боюнча жүзөгө ашырылат.

6.3. Ош МПУда бир сабактын академиялык сааты 80 мүнөт аудиториялык убакытты түзөт.

6.4. Дарстык, практикалык жана семинардык сабактардын ар бир академиялык сааты МОЖАӨАИ жана МӨАИнин бир сааты менен коштолот.

6.5. Бир окуу семестринин академиялык көлөмү 16 жумадан кем эмести түзөт.

6.6. Магистранттын билимдерин баалоо учурдагы жана жыйынтыктоочу рейтингдик текшерүүнүн натыйжаларын эске алуу менен 4 упайлык тутум боюнча жүзөгө ашырылат.

6.7. Окуу траекториясы жана дисциплиналардын тизмеси магистранттын жекече окуу планында чагылтылат жана магистранттар үчүн бекитилет.

6.8. Магистранттын жекече окуу планын окуу жылы ичинде өзгөртүүлөргө жол берилбейт.

6.9. Магистранттын жекече окуу планы илимий иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет: бирөө - кафедрада сакталат да, магистранттын окуу планын аткаруусуна көзөмөлдү жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп кызмат кылат, экинчиси - магистрантка берилет.

6.10. Магистранттын окуусун жекече пландаштыруусу үчүн окуу жараянын усулдук камсыздоону кафедралардын профессордук-окутуучулук курамы жүзөгө ашырат да, окуу-усулдук материалдардын төмөнкү топтомун сунуштайт:

- дарстар, практикалык, лабораториялык сабактардын пландары, слайддар ж.б. (окуу планынын ар бир дисциплинасы боюнча аудиториялык иш үчүн);
- ар бир дисциплина боюнча өзүн текшерүүнүн материалдары, машыгуучу тесттер, текшерүүчү тапшырмалар, экзамендик суроолор (магистранттардын өз алдынча иштөөсү үчүн);
- практикалардын/такшалтмалардын программалары, күндөлүгү, отчеттук документациянын формалары жана башка материалдар (практикаларды/такшалтмаларды өтүү үчүн);

6.10. Кафедралардын профессордук-окутуучулук курамы семестрдин башында магистрантка өзүндө окуу планынын ар бир жеке дисциплинасынын академиялык сыпатталышын камтыган силлабустарды сунуштайт:

- дарстык сабактардын темалары;
- семинардык (практикалык, лабораториялык) сабактардын пландары;
- МОЖАӨАИ жана МӨАИнин алкагындагы сабактардын пландары;
- курс боюнча жазуу иштеринин тематикасы;
- курс боюнча экзамендик суроолор;
- милдеттүү жана кошумча адабияттардын тизмелери.

6.11. Магистрантты окутуунун көлөмү менен сапатын тиешелүү кафедра жана магистратура бөлүмү көзөмөлдөйт.

6.12. Ош МПУнун магистранттарынын билимдерин баалоо модулдук-рейтингдик тутум боюнча жүзөгө ашырылат (мындан ары - МРТ).

6.13. Кредиттик технологиянын талаптарына ылайык упайлык жана тамгалык тутум боюнча баалар шкаласы кабыл алынган:

№	100 баллдык системадагы баа	ECTS боюнча колдонуучу тамга	5 баллдык система боюнча баалоо	Экзамендик ведомостко коюлуучу белги
1.	87-100	A	Эң жакшы	A(эң жакшы)
2.	80-86	B	Жакшы	B (жакшы)
3.	74-79	C		C (жакшы)
4.	68-73	D	Канааттандырарлык	D(канааттардыкарлык)
5.	60-67	E		E(канааттардыкарлык)
6.	31-59	F	Канааттандырарлык эмес	F(канааттардыкарлык эмес)
7.	0-30	FX		FX(канааттардыкарлык эмес)

6.14. Ош МПУда окуу дисциплинасынын жана окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча пайыздык катышта бааларды коюунун төмөнкү саясаты кабыл алынган:

- теориялык окутуу мезгили ичинде билимдерди текшерүү (чектик, учурдагы) - 40 %.

- магистранттын өз алдынча ишин текшерүү, жыйыныктоочу текшерүүнү (экзаменди) кошо - 60 %.

6.15. Магистранттын окуу дисциплинасына ээ болуу деңгээлин мүнөздөөчү жыйынтыктоочу натыйжа, экзамендик ведомостто МРТдин, билимдерди баалоонун 4 упайлык тутумунун, баанын тамгалык эквивалентинин шкаласынын баалоо параметрлерине ылайык чагылтылат.

6.16. Окуу жылынын аягында магистратура бөлүмү ар бир магистранттын орточо жетишүү упайын GPA аныктайт да, магистрантты курстан курска көчүрүү жөнүндө буйруктун долбоорун 30-августка чейин даярдайт.

6.17. Магистрантты курстан курска академиялык көчүрүү Ош МПУнун Окумуштуулар Кеңешинде бекитилген орточо жетишүү упайына (GPA) ылайык жүзөгө ашырылат, ал 3 упайдан төмөн эмести түзөт.

6.18. GPA жана курстан курска көчүрүү жөнүндө белги магистранттын жетишүү барагына жана транскриптине түшүрүлөт.

6.19. Магистрантты окууга кабыл алуу жана окуудан чыгаруу жөнүндө чечим Ош МПУнун ректорунун буйругуна ылайык жүзөгө ашырылат.

6.20. Магистрант төмөнкү себептер боюнча окуудан чыгарылат:

- магистранттын Ош МПУнун ректорунун наамына арыз түрүндө таризделген жеке каалоосу;

- саламаттыгынын абалы боюнча көрсөткүчтөр (ВККнын корутундусунун негизинде);

- академиялык карыздарынын болуусу;

- окутуунун биринчи жылы аяктагандагы ушул жобонун негизинде аныкталгандан да, аз орточо упай алуусу;

- Ош МПУнун ички тартип эрежелерин бузуусу.

6.21. Ош МПУдан чыгарылган магистрантка аныкталган формадагы академиялык маалымкат берилет.

7. ОКУУ ЖАРАЯНЫН ПЛАНДАШТЫРУУ

7.1. Магистрдик даярдоо эмгекти талап кылуусу боюнча: билим берүүчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк түзүүчүнү камтыган кесиптик-билим берүү программасын ишке ашырат.

7.2. Магистрдик даярдоо программасынын билим берүүчүлүк бөлүгү камтууга тийиш: кесиптик билим берүүнү жана билимдердин үйрөнүлүп жаткан аймагынын философиялык жана тарыхый аспекттерин окутуп-үйрөтүүнү тереңдетүүгө, Кыргыз Республикасынын улуттук-тарыхый жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрүн эске алууга багыт алган атайын дисциплиналарды, табигый, социалдык-экономикалык илимдер бөлүмдөрүн. Бардык окуу дисциплиналарынын мазмуну жаңы илимий жана технологиялык жетишкендиктерди чагылтууга тийиш.

7.3. Магистрлерди даярдоо программасынын илимий-изилдөөчүлүк бөлүгү илимий изилдөөчүлүк практикадан милдеттүү өтүүнү жана магистранттардын багыты жана адистешүүсү боюнча илимий изилдөөлөрдү аткаруусун, алардын натыйжаларын апробациялоосун, илимий-изилдөөчүлүк иштин ыкмаларын, усулдарын жана формаларын өздөштүрүүсүн, магистрдик диссертацияны жазуусун камтыйт. Илимий-изилдөөчүлүк иш магистратуранын адистешүүсүнө жараша теориялык жана эксперименттик изилдөөлөр, технологиялык, конструктордук жана илимий-усулдук иштелмелер, өндүрүштүк жараяндарды изилдөөлөр формасында жүргүзө алат.

7.4. Магистрлерди даярдоо программаларын өздөштүрүү мөөнөтү түзөт:

- эки жылдан кем эмес - «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен тастыкталган базалык жогорку билимдин негизинде.

7.5. Толук жогорку кесиптик билимге жана «адис» квалификациясына ээ адамдар магистрлерди даярдоо программалары боюнча экинчи жогорку билимди алуу тартибинде окушат. Мында магистрдик программаларды өздөштүрүү, тиешелүү мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралган милдеттүү дисциплиналар боюнча, аныкталат.

7.6. Магистрдик программа боюнча сабактар макулдашылган графиктин негизинде башталат. Магистранттардын бүтүрүү квалификациялык иштеринин темаларынын бекитилиши жөнүндө буйрук магистратурада окуунун биринчи курсунда 1-февралга чейин чыгарылат.

7.7. Магистрди даярдоонун билим берүүчүлүк бөлүгүнүн мазмуну үйрөнүлүүчү дисциплиналарды, алардын көлөмүн жана тапшыруу мөөнөтү жана илимий-изилдөөчүлүк иштин мазмуну магистранттын жекече планына киргизилет.

7.8. Даярдоонун илимий деңгээлин жогорулатуу максатында жана окуу планынын илимий-изилдөөчүлүк бөлүгүнүн аткарылышын көзөмөлдөө үчүн магистранттардын конкурстарга, конференцияларга жана семинарларга кийин изилдөөчүлөрдүн натыйжаларын макалалар жана тезистер түрүндө басып чыгаруу менен активдуу катышуусу белгиленген.

7.9. Педагогикалык ишмердүүлүккө даярдануу максатында магистрант бүтүрүүчү кафедранын окуу жараянына катышууга жана окутуу мезгили ичинде 25-30 сааттан кем эмес көлөмдө лабораториялык же практикалык сабактарды өткөрүүгө тийиш. Магистранттын педагогикалык ишмердүүлүгү педагогикалык практика түрүндө жекече планга киргизилет.

7.10. Магистранттын жекече окуу планын аткаруусуна көзөмөлдү окуу планынын бардык дисциплиналары боюнча зачет жана экзамен формасындагы учурдагы аттестация караштырат. Магистрдик даярдоонун экзамендеринин жалпы саны төрт семестрден ашпоого тийиш жана даярдоонун окуу планы менен аныкталат.

7.11. Кесиптик түрмөктүн дисциплиналары боюнча дарстар өзүнө багыттын (кафедранын) бардык магистранттарын камтыган тайпалар үчүн жүргүзүлөт. Адистешүү дисциплиналары боюнча сабактар окуу планында белгиленген формада жүргүзүлөт. Магистранттардын илимий-изилдөөчүлүк иши жана алардын магистрдик диссертациялардын үстүнөн иштөөсү ар бир семестрде магистранттардын өз алдынча иштери, алардын илимий жетекчилеринин учурдагы жана жыйынтыктоочу текшерүүсү менен жүргүзүлөт. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча магистрдик диссертацияны жазууда журналдар менен жыйнактарда 2 макаланы милдеттүү басып чыгаруу каралган.

7.12. Магистратурада сабактарды өткөрүүнүн деңгээлинен, профессордук-окутуучулук курамга коюлуучу жогору талаптардан чыгып, магистрдик кесиптик билим берүү программаларынын алкагында аткарылуучу педагогикалык тапшырмаларды пландаштырууда жана эсептөөдө, жумушчу окуу пландарында каралган окуу ишинин бардык түрлөрүн берилген магистрлик программада окуп жатышкан магистранттар 11:1 адамдан кем болбогон санда пландаштыруу керек. Магистранттардын мындан аз санында 8 окуу жүгүн эсептөө жекече план боюнча же окуу бөлүмү менен макулдашып жүзөгө ашырылат.

7.13. Илимий жетекчинин педагогикалык жүгүнүн көлөмү ар бир магистрантка жылына 30 сааттан гана аныкталат. Магистрлерди окутуу үчүн педагогикалык жүктөмдүктүн калган түрлөрү аракеттеги убакыт ченемдери боюнча аныкталат же ректордун буйругу менен бекитилет.

7.14. Окутуунун кредиттик технологиясын ишке ашыруу үчүн магистратурада окуу планынын үч формасын колдонушат:

- даярдоо ишмердүүлүгүнүн конкреттүү багыты боюнча окуу жараянынын эмгек сыйымдуулугу жөнүндө жалпы маалыматтарды камтыган жумушчу окуу планын;

- магистрантты окутууну билим берүү траекториясын базалык жана атайын дисциплиналар боюнча жумалык жүгү, текшерүүнүн түрлөрүн, адистешүүсүн, окуу жараянын жүргүзүү графигин көрсөтүү, жумушчу жумаларды бөлүштүрүү менен мүнөздөгөн конкреттүү маалыматтарды камтыган жайылтылган окуу планды;

- жекече окуу планын, ал ар бир магистранттын окуу жүгү жөнүндө маалыматты камтыйт.

7.15. Кафедралардын жетекчилиги астында түзүлүүчү жана Ош МПУнун илимий иштер боюнча проректору тарабынан бекитилүүчү магистранттын жекече окуу планы, ар бир магистранттын билим алуу траекториясын, б.а. окуу жылы ичиндеги элективдүү курстарды окуп-үйрөнүүдөгү мазмунду жана удаалаштыкты аныктайт.

7.16. Өзүнүн билим алуу траекториясын пландаштыруунун жүрүшүндө магистрант бир эки сабакты башка академиялык агымдардын магистранттары менен чогуу факультативдик формада угууну каалоосу жөнүндө билдирүүгө укуктуу, ал тууралуу кабарлар транскриптке киргизилет.

8. ОКУУ ЖАРАЯНЫН УЮШТУРУУ

8.1. Ош МПУ нун магистратурасында окуу жараянын уюштуруу адистик боюнча окуу планынын, бекитилген академиялык календардын, окуу сабактарынын жүгүртмөсүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

8.2. Магистратуранын программасы боюнча окуу пландары, сабактардын жүгүртмөлөрү Ош МПУнун стенддеринде жана сайтында жайгаштырылат.

8.3. Окуу жараяны төмөнкү формаларда жүргүзүлөт:

- аудиториялык сабактар: дарстар, практикалык сабактар, лабораториялык сабактар;

- аудиториядан тышкаркы сабактар: окуу жана илимий маселелер боюнча жекече консультациялар, магистранттардын өз алдынча иштөөсү (МОЖАӨАИ жана МӨАИ);

- билимдерди текшерүү: учурдагы аттестация, чектик жана жыйынтыктоочу текшерүү, МОЖАӨАИнин темалары боюнча рефераттарды коргоо;

- илимий-педагогикалык практиканы өткөрүү;

- эл аралык такшалтма;

- жыйынтыктоочу аттестация: комплекстүү экзаменди тапшыруу жана магистрлик диссертацияны коргоо.

8.4. Жүгүртмө кафедра башчысынын жетекчилиги астында түзүлөт да, магистратура бөлүмү тарабынан бекитилет.

МАГИСТРАНТТАРДЫН ОКУТУУЧУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ АСТЫНДАГЫ ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИ

8.5. Магистранттын окутуучунун жетекчилиги астындагы өз алдынча иши (мында ары - МОЖАӨАИ) тиешелүү кафедранын окутуучусу тарабынан уюштурулат.

8.6. МОЖАӨАИ окуу планынын бардык дисциплиналары боюнча караштырылат да, дисциплина боюнча кошумча материалды окуп-үйрөнүүгө багытталат.

8.7. МОЖАӨАИ билимдерди текшерүүнү эксперименттик маалыматтар, коллоквиумдар, дискуссиялар, жазуу жүзүндөгү текшерүү иштери ж.б.у.с. формасында өткөрүүнү болжойт.

8.8. МОЖАӨАИ окуу графигинде чагылтылат да, магистранттын жумалык жүгүнө кошулат.

8.9. МОЖАӨАИ толук көлөмдө окутуучунун педагогикалык жүгүнө кошулат да, магистранттар менен консультациялар, сабактар өтүүнү, үйдө текшерүүнү, иштетүүнү, текшерүү иштерин текшерүүнү болжойт.

8.10. МОЖАӨАИнин интерактивдүү формаларынын темалары, тапшырмалар жана сааттар көлөмү көрсөтүлгөн сыпатталышы дисциплиналардын модулунда камтылат.

8.11. Магистранттын иштерин баалоо МОЖАӨАИнин алкагында өткөрүлүүчү модулдук-рейтингдик иш-чаралардын тутумуна татаал шайкештикте жүзөгө ашырылат.

8.12. МОЖАӨАИнин сапатын текшерүүнү магистрлик программанын жетекчиси атайын журналдарда катталган жана кафедрада сакталган маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт.

8.13. Курстук иштердин саны эки жылдык окутуу үчүн гана окуу планы менен аныкталат.

8.14. Курстук ишти даярдоо бир академиялык мезгил ичинде магистранттын илимий кызыгууларына ылайык жүзөгө ашырылат.

8.15. Курстук ишти коргоо атайын түзүлгөн комиссиянын алдында курстук иштерди коргоо боюнча комиссиянын отурумунда өтөт, анын курамын кафедра башчысы тарабынан бекитилет. Билимдерди текшерүүнү уюштуруу жана өткөрүү.

8.16. Билимдерди чектик жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн мезгилдүүлүгү жана узактыгы жумушчу окуу планына жана академиялык календарга ылайык аныкталат. Жыйынтыктоочу текшерүү жылына эки жолу семетр аяктаганда жүргүзүлөт, анын узактыгы бир же эки жуманы түзөт.

8.17. Учурдагы билимдерди текшерүү семестр ичинде теориялык окутуунун бардык түрлөрү боюнча тапшырмаларды аткарууну эске алуу менен жүргүзүлөт.

8.18. Үй тапшырмаларын текшерүү МӨАИ жана МОЖАӨАИнин тапшырмаларын аткарууну болжойт. Ал жекече мүнөздө болот да, ар кыл формаларга ээ боло алат.

8.19. Чектик текшерүүнүн формалары төмөнкүлөр боло алышат: оозеки, жазуу жүзүндөгү экзамен, тестирлөө, тайпалык долбоорлорду коргоо ж.б.

8.20. Эгер магистрант семестр ичинде чектик текшерүүдө айрым дисциплиналар боюнча 50% упайларды ала албаса, анда ал аттестацияланбайт жана ошол дисциплиналар боюнча экзамендерге киргизилбейт.

8.21. Магистранттын билимдерин текшерүүнүн бардык түрлөрүнө келбей коюусу нөлдүк упай катары бааланат.

8.22. Жыйынтыктоочу билимдерди текшерүүнүн (мындан ары - экзамендер) формалары төмөнкүлөр болуп саналышат: оозеки, жазуу жүзүндөгү экзамен, тестирлөө ж.б. Экзаменди өткөрүүнүн формасы жөнүндө аяккы чечимди окутуучу экзамендик сессия башталганга чейин бир ай мурун кабыл алат да, магистратура бөлүмүнө кабардар кылат.

8.23. Академиялык календарга ылайык экзамендердин жүгүртмөсү кафедра башчысынын жетекчилиги астында түзүлөт жана магистратура бөлүмү тарабынан бекитилет.

8.24. Экзамендердин жүгүртмөсү окутуучулар менен магистранттарга экзамендик сессия башталардан бир ай мурун кечиктирилбей билдирилет.

8.25. Магистрант экзамендерди, экзамендердин жүгүртмөсүнө ылайык тапшырат.

Өзгөчө учурларда, магистранттын арызынын негизинде ректордун же илимий иштер боюнча проректордун, кафедра башчысынын макулдугу менен, экзамендерди мөөнөтүнөн мурда тапшырууга уруксат кылынат (бирок күнүнө экиден ашык эмес).

8.26. Сабактарга эркин катышууга уруксаты бар магистрант, билимдерди текшерүүнүн бардык түрлөрүн экзамендердин жүгүртмөсүнө ылайык тапшырат.

8.27. Билимдерди текшерүүнүн бардык түрлөрү боюнча оң бааны аны жогорулатуу максатында кайра тапшырууга жол берилбейт.

8.28. Текшерүүнүн бардык түрлөрүнүн натыйжаларына макул болбогон магистрант, экзаменди өткөргөндөн кийинки күнү апелляцияга берүүгө укуктуу. Ушул максатта ректордун буйругу менен квалификациясы апелляцияга берилген дисциплинанын профилине ылайык келген окутуучулардан үч кишиден кем эмес санда апелляциялык комиссия түзүлөт.

8.29. Текшерүүнүн бардык түрлөрүнүн натыйжалары ведомостко түшүрүлөт да, магистрантка жыйынтыктоочу текшерүүнү өткөрүү күнү жарыя кылынат.

8.30. Жыйынтыктоочу текшерүүнүн натыйжалары магистранттын транскриптине түшүрүлөт.

8.31. Деканат же магиструтура бөлүмү ар бир экзамендик сессиянын натыйжаларын талдайт жана окуу жайдын окуу иштери боюнча проректору менен ректоруна (талапка жараша) тиешелүү маалыматты берет.

9. АКАДЕМИЯЛЫК КАРЫЗДАРДЫ ЖОЮУ

9.1. Академиялык карыз экзаменге кирүүгө уруксат албай калуунун, канааттандырарлык эмес баа алуунун же магистранттын экзаменге келбей калуусунун натыйжасында пайда болот.

9.2. Жүйөлүү себептерсиз экзаменге кирүүгө уруксат албай калган, канааттандырарлык эмес баа алган же экзаменге келбей калган магистрант окуудан чыгарылат.

9.3. Зачетко же экзаменге жүйөлүү себептер боюнча келбей калган (тастыктоочу документтери болгондо медициналык көрсөтмөлөр; табигый кырсыктар; үй-бүлөлүк шарттар ж.б.у.с.), бирок уруксат кылуу рейтингине ээ болгон магистрант зачетту же экзаменди экзамендик сессия бүткөн соң бир ай ичинде тапшыруу укугун колдоно алышат.

9.4. Магистрдик диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси биринчи окуу жылында окуу жайдын Окумуштуулар Кеңешинде кароодон соң ректордун же илимий иштер боюнча проректордун буйругу менен бекитилет. Экзаменди кайра тапшыруу, экзаменди кабыл алуунун күнүн жана убактысын көрсөтүү менен, магистранттын арызы боюнча тиешелүү кафедралардын окутуучусунун, окуу иштери боюнча проректордун же илимий иштер боюнча проректордун макулдугу менен жүзөгө ашырылат. Кайра тапшырууда зачетту же экзаменди өткөрүүнүн баштапкы, бекитилген формасы сакталат да, ал экзамендеги эле окутуучулар тарабынан жүзөгө ашырылат. Кайра тапшыруунун натыйжалары кафедралар берүүчү атайын баракка түшүрүлөт да, деканатта же магистратура бөлүмүндө сакталат. Эгер магистрантты окутуу мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан каржыланса, сессиянын жыйынтыктары боюнча жүйөлүү себептерден улам академиялык карыздары бар магистрантка карыздарды жоюу мөөнөттөрү аныкталгыча стипендия төлөө токтотулат.

10. МАГИСТРАНТТАРДЫН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШТЕРИ

10.1. Педагогикалык багыттын магистри - бул илимий чыгармачылыктын методологиясын жана методикасын, азыркы маалыматтык технологияларды билген, ар тектүү маалыматты талдоо (анализ) жана жуурулуштуруу (синтез) көндүмдөрүнө ээ болгон, илимий-изилдөөчүлүк милдеттерди өз алдынча чечүүгө, долбоорлорду иитеп чыгууга жана башкарууга жөндөмдүү, илимий-изилдөөчүлүк, талдоочулук жана педагогикалык ишмердүүлүккө даярдалган адис. Багыттар боюнча ЖКББнун Мамлекеттик билим берүү стандарттарында караштырылган билим берүүчүлүк, илимий-педагогикалык, илимий-изилдөөчүлүк даярдыктын тыгыз интеграциясы, бардык зарыл компетенцияларга ээ, татаал кесиптик милдеттерди чечүүгө, ишмердүүлүктүн жаңы аймактарын уюштурууга жөндөмдүү магистрлерди даярдоого жол берет.

10.2. Магистратуранын багыттары боюнча ЖКББнун Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, магистранттын негизги билим берүү программасы билим берүүчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк түзүүчүлөрдөн турат. Студент-магистранттын илимий-изилдөөчүлүк ишин камтыйт: семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк ишти, илимий-педагогикалык практиканы жана магистрлик диссертацияны даярдоону.

10.3. Педагогикалык багыттар боюнча ЖКББнун Мамлекеттик билим берүү стандартында илимий-изилдөөчүлүк ишке бөлүнгөн магистранттарды адистешкен даярдоонун сааттарынын жалпы саны, магистрлик программанын бөтөнчүлүгүнө жараша иштердин түрлөрү боюнча бөлүштүрүлөт. Алардын илимий-изилдөөчүлүк иштери, илимий-педагогикалык практиканы жана магистрлик диссертацияны да, бул программанын окуу планында жана магистранттардын жекече пландарында катталат.

11. Башкаруучулук (педагогикалык) практика (БП. М.3.1)

11.1. Магистрлерди даярдоонун билим берүү программасы боюнча окуп жатышкан магистранттардын башкаруучулук практикасы, багыттар боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүүчүлүк программасынын курамдык бөлүгү болуп саналат. Башкаруучулук практика - магистранттар окутуу жараянында алышкан теориялык жана практикалык билимдерди кенейтүүгө жана бекемдөөгө, тандалып алынган магистрлик программа боюнча практикалык көндүмдөргө ээ кылууга жана өркүндөтүүгө, болочок кесиптик ишмердүүлүккө даярдоого багытталган окуу ишинин түрү.

Практиканын максаттары:

- Тандалып алынган адистиктин чөйрөсүндөгү кесиптик билимдерди калыптандыруу жана өнүктүрүү, багыттын дисциплиналары жана магистрдик программалардын атайын дисциплиналары боюнча алынган теориялык билимдерди бышыктоо;
- Адистешкен даярдыктын тандалып алынган багыты боюнча зарыл кесиптик компетенцияларга ээ болуу;
- Бүтүрүү квалификациялык ишин - магистрдик диссертацияны даярдоо үчүн фактылык материал топтоо.

11.2. Тиешелүү окуп жатышкан магистранттардын башкаруучулук практикасы, бекитилген окуу пландарына ылайык 1-семестрде өткөрүлөт. Ишке ашырылып жаткан магистрлик программага жана жекече магистрлик даярдыктын өзгөчөлүктөрүнө жараша, башкаруучулук практиканы өткөрүү мезгили аныкталган тартипте өзгөртүлөт.

11.3. Практиканын бардык этаптарында уюштуруу магистранттардын бүтүрүүчүнүн даярдык деңгээлине талаптарга ылайык кесиптик ишмердүүлүктүн көндүмдөрү менен билгичтиктерине ээ болуусунун үзгүлтүксүздүгүн жана удаалаштыгын камсыздоого багытталган. Башкаруучулук практиканын ордун жана иштердин мазмунун тандоо магистрантты тандалып алынган магистрлик программанын багыты боюнча иштерди жүзөгө ашырышкан жана изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн уюмдардын, илимий мекемелердин ишмердүүлүгүнө ылайык тааныштыруу зарылдыгы менен аныкталат.

Практиканы кафедра башчысы бекиткен магистранттардын башкаруучулук (педагогикалык) практикасынын программасына, магистрант илимий жетекчиси жана магистрдик программанын жетекчиси менен бирге түзгөн практиканын жекече программасына ылайык өткөрүлөт. Практиканын жекече программасынын болжолдуу үлгүсү 2-тиркемеде келтирилген.

11.4. Магистрлерди адистешкен даярдоо программасы боюнча башкаруучулук практикага жетекчиликти магистранттын илимий жетекчиси тиешелүү магистрлик программанын жетекчиси менен макулдашып жүзөгө ашырат. Башкаруучулук (педагогикалык) практиканы өтүүнүн мониторинги тиешелүү кафедрада магистранттын жекече практикасына ылайык жүзөгө ашырылат.

11.5. Практика илимий жетекчи тарабынан магистрант түзгөн отчеттун жана магистрант практикадан өткөн уюмдан, мекемеден маалымкаттын негизинде бааланат. Маалымкатта төмөнкүлөр болууга тийиш: уюмдун, мекеменин объектинин толук аталышы, магистранттын ишмердүлүнүн негизги багыттары, практика мезгилиндеги анын ишмердүүлүгүнүн бааланышы, уюмдун жетекчисинин колу жана мөөрү. Практикадан өткөнү жөнүндө отчет магистрант жасаган ишти сыпаттоону камтууга тийиш. Башкаруучулук практика боюнча отчетту тариздөөнүн үлгүсү жана отчеттун мазмунуна карата талаптар тиешелүү кафедраларда иштелип чыгат да, башкаруучулук практиканын программасына кошулат.

11.6. Практиканын баасы (дифференцияланган зачет) экзамендик ведомостко жана зачеттук китепчеге түшүрүлөт, теориялык окутуу боюнча бааларга (зачетторго) барабар кылынат да, магистранттардын жалпы жетишүүсүнүн жыйынтыктарын чыгарууда эске алынат.

11.7. Жүйөлүү себептерден улам практиканын программасын аткара албай калган магистранттар окуудан бош учурда практикага кайра жөнөтүлөт же практиканы жекече тартипте өтүшөт.

11.8. Жүйөөлүү себептерсиз практиканын программасын аткара албай калган же канааттандырарлык эмес баа алган магистранттар окуу жайдын магистратуранын программасы боюнча окуу жараянын уюштуруу жөнүндө жободо» каралган тартипте академиялык карызы бар магистрант катары магистратурадан чыгарылат.

12. ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА (ИПП. М.3.2)

12.1. Магистрлерди даярдоонун билим берүү программасы боюнча окуп жатышкан магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы (ИПП.М.3.2), магистратуранын багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүүчүлүк программасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Илимий-педагогикалык практиканын максаты:

- жогорку мектептин окутуучусунун кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- илимий-педагогикалык чеберчиликтин негиздерине, окуу-тарбиялык жана окутуучулук иштерди өз алдынча жүргүзүү билгичтиктери менен көндүмдөрүнө ээ болуу.

12.2. Ош МПУда магистрдик программалар боюнча окуп жатышкан магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы, бекитилген окуу пландарына ылайык 2-семестрде өткөрүлөт. Ишке ашырылып жаткан магистрдик программага жана жекече магистрдик даярдыктын өзгөчөлүктөрүнө жараша илимий-педагогикалык практиканы өткөрүү мезгили аныкталган тартипте өзгөртүлө алат.

12.3. Илимий-педагогикалык практиканы уюштуруу магистранттардын магистрди даярдоого талаптарга ылайык кесиптик ишмердүүлүктүн көндүмдөрү менен билгичтиктерине ээ болуусунун үзгүлдүксүздүгүн жана удаалаштыгын камсыздоого багытталган. Илимий-педагогикалык ишмердүүлүккө даярдануу максатында магистрант бүтүрүүчү кафедранын окуу жараянына катышууга жана окутуу мезгили ичинде 25-30 сааттан кем эмес лабораториялык же практикалык сабактарды өткөрүүгө тийиш. Илимий-педагогикалык практиканын программасынын болжолдуу үлгүсү 3-тиркемеде келтирилген.

12.4. Илимий-педагогикалык практикага жетекчиликти жана көзөмөлдү практиканын жетекчиси магистранттын илимий жетекчиси жана тиешелүү магистрдик программанын жетекчиси менен макулдашып жүзөгө ашырат.

Ипимий-педагогикалык практиканы өтүүгө мониторинг тиешелүү кафедрада практиканын жекече программасына ылайык жүзөгө ашырылат.

12.5. Практика жетекчи тарабынан магистрант түзүүчү отчеттун негизинде бааланат. Практикадан өткөнү жөнүндө отчет магистрант жасаган ишти сыпаттоону камтууга тийиш. Отчетко тиркеме катары дарстардын тексттери же дарстардын жана семинардык сабактардын пландары, түзүлгөн кейстер, тапшырмалар ж.б.у.с., ошондой эле практиканын жетекчисинин жана магистрлик программанын жетекчисинин магистранттын илимий-педагогикалык практика боюнча тапшырмаларды аткарууга катышуусу жөнүндө пикирлери берилүүгө тийиш. Практиканын отчетунун болжолдуу үлгүсү 4-тиркемеде келтирилген.

12.6. Илимий-педагогикалык практиканын баасы (дифференцияланган зачет) экзамендик ведомостко жана зачеттук китепчеге түшүрүлөт, теориялык окутуу боюнча бааларга (зачетторго) барабар кылынат да, магистранттардын жалпы жетишүүсүнүн жыйынтыктарын чыгарууда эске алынат.

12.7. Жүйөлүү себептерден улам практиканын программасын аткара албай калган магистранттар окуудан бош учурда практикага кайра жөнөтүлөт же практиканы жекече тартипте өтүшөт.

12.8. Жүйөлүү себептерсиз практиканын программасын аткара албай калган же канаатгандырарлык эмес баа алган магистранттар ОшМПУнун Уставында магистратуранын программасы боюнча окуу жараянын уюштуруу жөнүндө жободо» каралган тартипте академиялык карызы бар катары магистратурадан чыгарылат.

13. ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШТЕР (МИИИ.З.З)

13.1. Семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин максаты (МИИИ.З.З) – студент-магистрантты негизги натыйжасы магистрдик диссертацияны жазуу жана ийгиликтүү коргоо болгон өз алдынча илимий-изилдөөчүлүк ишке да, чыгармачыл жамааттын курамында илимий изилдөөлөрү жүргүзүүгө да даярдоо болуп саналат.

13.2. Илимий-изилдөөчүлүк иштер магистрант тарабынан илимий жетекчинин жетекчилиги астында аткарылат. Магистранттардын илимий изилдөөчүлүк иштеринин багыты тандалып алынган аннотацияланган магистрлик программага жана магистрлик диссертациянын темасына ылайык аныкталат.

13.3. Магистранттардын илимий-изилдөөчүлүк практикасы тиешелүү илимий изилдөө борборлорунда тандалып алынган темаларга ылайык жүргүзүлөт.

13.4. Илимий-изилдөөчүлүк иштин милдеттери - илимий-изилдөөчүлүк ишти аткаруу көндүмдөрүн берүү жана төмөнкү билгичтикгерди өнтүрүктүрүү:

- заманбап маалыматтык технологияларды тартуу менен библиографиялык ишти жүргүзүү;
- илимий-изилдөөчүлүк ишти аткаруунун жүрүшүндө пайда болуучу милдеттерди аныктоо жана чечүү;
- конкреттүү изилдөөнүн милдеттеринен чыгып (магистрдик диссертациянын темасы боюнча же магистрдик программанын алкагында илимий жетекчинин тапшырмаларын аткарууда), изилдөөнүн зарыл усулдарын тандоо (колдо барын модификациялоо, жаңы усулдарды иштеп чыгуу);
- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу;
- алынган натыйжаларды иштетүү, аларды талдоо жана бүткөн илимий изилдөөчүлүк иштелмелер (илимий-изилдөөчүлүк иш боюнча отчет, баяндамалардын тезистери, илимий макала, курстук иш, магистрдик диссертация) түрүндө берүү;
- жасалган иштин натыйжаларын «Илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-педагогикалык практикаларды өткөрүү жана баалоо жөнүндө жобонун», «Магистрдик диссертацияларды аткаруу: түзүмү жана тариздөө эрежелери» ж.б. ченемдик документтердин талаптарына ылайык редакциялоонун жана басып чыгаруунун заманбап каражаттарын тартуу менен таризделет;

• конкреттүү магистрдик программа боюнча окуп жаткан берилген багыттын магистрантына зарыл башка көндүмдөр менен билгичтиктерди берүү каралган.

13.5. Магистрдик программа ишке ашырылып жаткан кафедра программанын илимий-изилдөөчүлүк иштери боюнча магистрантты даярдоого карата атайын талаптарды аныктайт:

• билимдин берилген тармагынын заманбап проблематикасына ээ болуу;

• конкреттүү илимий проблеманын өнүгүү тарыхын, анын үйрөнүлүп жаткан илимий багыттагы ролу менен ордун билүү;

• магистрант окуп-үйрөнүлүп жаткан илимий проблема боюнча конкреттүү бөтөнчө билимдердин болуусу;

• магистрдик программа (магистрдик диссертация) менен байланышкан ал же бул илимий чөйрөдө илимий изилдөөлөрдү, эксперименттик иштерди иш жүзүндө жүзөгө ашыра билүү;

• конкреттүү программалык көндүмдөр жана интернеттин конкреттүү ресурстары ж.б.у.с. менен иштей билүү.

13.6. Илимий-изилдөөчүлүк иш төмөнкү формаларда жүзөгө ашырыла алат:

• илимий-изилдөөчүлүк иштин бекитилген планына ылайык илимий жетекчинин тапшырмаларын аткаруу;

• кафедра аралык семинарларга, теориялык семинарларга (изилдөөнүн тематикасы боюнча), ошондой эле кафедранын илимий ишине катышуу;

• факультеттерде, башка ЖОЖдордо өткөрүлүүчү жаш окумуштуулардын конференцияларында чыгып сүйлөө, ошондой эле башка илимий конференцияларга катышуу;

• баяндамалардын тезистерин, илимий макалаларды даярдоо жана жарыялоо;

• жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн багыты боюнча курстук ишти даярдоо жана коргоо (эгер илимий иштин ушундай формасы магистранттын жекече планында каралган болсо);

• магистрлерди даярдоону ишке ашыруу боюнча кафедрада же өнөктөш-уюмда бюджеттик же бюджеттен тышкаркы илимий-изилдөөчүлүк программалардын алкагында (же алынган гранттын алкагында) аткарылып жаткан реалдуу илимий-изилдөөчүлүк долбоорго катышуу;

• Магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоо. Семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин формаларынын тизмеси окутуунун биринчи жана экинчи жылдарынын магистранттары үчүн конкреттештирилген жана магистрдик программанын бөтөнчөлүгүнө жараша толукталган боло алат.

Магистрдик программанын жетекчиси илимий-изилдөөчүлүк иштин формаларынын милдеттүү тизмесин (анын ичинде семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иш боюнча зачетторду алуу үчүн зарыл, керектүү материалдарды) жана окутуунун бүткүл мезгили ичинде магистранттардын илимий изилдөөчүлүк ишке катышуу даражасын (мисалы, бир илимий макаланы милдеттүү жарыялоо ж.б.у.с.) аныктайт.

13.7. Семестр ичиндеги илимий-изилдөөчүлүк иштин жогоруда көрсөтүлгөн формаларынан тышкары, 1-семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжасы төмөнкүлөр болуп саналат: бекитилген диссертациянын темасы жана негизги иш-чараларды жана аларды ишке ашыруу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен диссертациянын үстүнөн иштөөнүн план-графиги; диссертациялык изилдөөнүн максаты менен милдеттерин коюу; изилдөөнүн объекти менен предметин аныктоо; тандалган теманын актуалдуулугун негиздөө жана иликтенип жаткан проблеманын азыркы абалын мүнөздөө; колдонуу болжонгон методологиялык аппаратын мүнөздөө; изилдөөнүн теориялык базасы катары колдонула турган негизги адабий булактарды талдоо жана окуп-үйрөнүү.

2-семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжасы диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча адабияттардын кеңири обзору болуп саналат, ал актуалдуу илимий-изилдөөчүлүк публикацияларга негизделет жана жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн аймагындагы алдыңкы адистер тарабынан алынган негизги натыйжалар менен жоболорду талдоону, алардын диссертациялык изилдөөнүн алкагында колдонулуучулугун баалоону, ошондой эле автордун теманы иштөө болжонгон жеке салымын камтыйт. Адабияттарга обзордун негизин иликтенип жаткан маселенин теориялык аспекттерин ачуучу булактар, биринчи кезекте илимий монографиялар жана илимий журналдардын макалалары түзүүгө тийиш.

3-семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжасы диссертациялык иш үчүн фактылык материалды топтоо болуп саналат, маалыматтарды топтоо методологиясын иштеп чыгууну, эксперименттик маалыматтарды

иштетүү усулдарын, диссертациянын үстүнөн ишти бүткөрүү үчүн алардын ишеничтүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн баалоону кошот.

4-семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжасы магистрдик диссертациянын аякталган текстин даярдоо болуп саналат.

13.8. Магистранттын ар бир семестрдеги илимий-изилдөөчүлүк ишинин мазмуну МИИИ планында (1-тиркеме) көрсөтүлөт. МИИИ планы магистранттын илимий жетекчиси тарабынан иштелип чыгат, тиешелүү кафедрасында кеңейтилген отурумунда каралат, илим иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет да, ар бир семестр боюнча илимий-изилдөөчүлүк иштин отчетунда жана магистрлик даярдоонун жекече планында катталат.

13.9. Семестрде МИИИнин бекитилген планын аткаруунун натыйжалары боюнча студент-магистрантка жыйынтыктоочу баа коюлат («эсептелди»/ «эсептелген жок). Илимий-изилдөөчүлүк иштин натыйжалары жазуу жүзүндө таризделген (отчет) жана бекитүү үчүн илимий жетекчиге көрсөтүлгөн болууга тийиш. Магистранттын илимий-изилдөөчүлүк иши жөнүндө отчет илимий жетекчинин визасы менен ар бир тиешелүү кафедрасында көрсөтүлүүгө тийиш. Мындан тышкары, магистрант ар бир семестрдин аягында өзүнүн илимий-изилдөөчүлүк иши жөнүндө тиешелүү кафедранын кеңейтилген отурумунда окутуучулардын алдында маалымат берүүгө тийиш. Мөөнөтүндө илимий-изилдөөчүлүк иши жөнүндө отчет беришпеген жана зачет алышпаган, экзамендерди тапшырууга жана магистрдик диссертацияны алдын ала коргоого киргизилбейт.

14. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯГА ЖЕТЕКЧИЛИК

Магистрдик диссертацияга жетекчиликти окумуштуулук наамга ээ илимдин доктору же илимдин кандидаты жүзөгө ашырат, окумуштуулук наам жок болгондо окумуштуулук даражанын жана Ош МПУда ишмердүүлүктүн багыты боюнча 5 жылдан кем эмес иш стажынын болушу жетиштүү. Доцент наамына ээ бир илимдин кандидаты бештен жана илимдин доктору жетиден ашпаган магистранттардын магистрдик диссертациясын даярдоого жетекчилик кылууга укуктуу. Иштиктүү проблемалардын кесилишинде, ошондой эле илимий-технологиялык прогресстин тездөөсүн камсыздаган жаңы тематика боюнча аткарылган учурларда окуу жайдын ректорунун буйругу менен консультантты дайындоого жол берилет. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси магистранттын тандалып алынган тема боюнча магистрдик диссертацияны жогорку, илимий-усулдук жана илимий-изилдөөчүлүк деңгээлдерде аткаруусун камсыздоого чакырылган. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси жана магистрдик диссертациялардын темалары окуу жайдын ректору же илим иштер боюнча проректору тарабынан, тиешелүү кафедранын кеңейтилген отурумунда кароодон, талкуулоодон жана макулдашуудан соң бекитилет.

Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси болууга тийиш:

14.1. Магистрант менен бирге изилдөөнүн темасын тандоого, ал окутуунун биринчи жылы аяктагыча бекитилет жана иштин актуалдуулугу негизделет: изилдөө предметин жана обьектисин негиздөө менен коюлган изилдөөнүн максаты жана милдеттери; изилдөө каражаттарын жана усулдарды кошуу менен каралган теориялык же эксперименталдык бөлүгү; изилдөө жыйынтыктары теориялык, практикалык жана жаңы илимий усулдук мааниге ээ болгон илимий жаңылыгы; алынган илимий натыйжаларды, жыйынтыктарды илимий конференцияларда, семинарларда баяндама жасоо, апробациялоо жана илимий макалалар (2ден кем эмес) түрүндө КР ЖАКта катталган (рецензияланган) жыйнактарда, журналдарда (илимий басылмаларда) жарыялоо; алынган жыйынтыктарды талкулоо (обсуждение результатов); жыйынтыктоо жана сунуштоо (рекомендациялоо); колдонулган адабияттардын тизмеси; тиркемелер (зарыл болгон учурда гана) изилдөөнүн максаты жана конкреттүү милдеттери аныкталат; изилдөөнүн

14.2. Магистрдик диссертацияны мамлекеттик жана расмий тилде жазууга уруксат берилет.

14.3. Автореферatta магистрдик диссертациянын негизги идеялары жана жыйынтыктары жазылышы, жүргүзгөн изилдөөлөрүнө автордун кошкон

салымы, жаңылыгынын даражасы жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу көрсөтүлүшү керек.

14.4. Автореферattагы резюме (аннотация) мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде берилет. Резюменин тексти кыскача түрдө изилдөөнүн объектисин, иштин максатын, изилдөөнүн методун, алынган жыйынтыктарды жана алардын жаңылыгын чагылдырышы керек. Резюменин көлөмү бир беттен ашпашы керек, ал эми автореферattын көлөмү (жарым басама табак) 8 беттен кем болбошу керек. Автореферат типографиялык ыкма менен басылат.

14.5. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси магистрлик диссертацияны жазууда жана илимий-изилдөөчүлүк иштин темасы боюнча керектүү адабияттарды, маалыматтык, статастикалык, архивдик материалдарды ж.б. булактарды сунуштоодо методикалык жана консультациялык жардам көрсөтүүгө; магистрант менен тутумдуу маектерди жана консультацияларды өткөрүүгө тийиш.

14.6. Илимий жетекчи магистрантка магистрдик диссертациянын планын түзүүдө көмөк көрсөтөт жана анын аткарылышына көзөмөл жүзгүзө алат.

14.7. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси магистранттардын магистрдик диссертацияларын апробациялоосуна көз салат жана аларды коргоого сунуштайт.

14.8. Илимий жетекчи магистрдик диссертациянын мазмунун баалайт; изилдөөнүн натыйжаларын талкуулоого катышат; тыянактарды түзүүгө жардам көрсөтөт; алынган натыйжаларды баалайт; ага жазуу жүзүндө корутунду даярдайт, магистрдик диссертацияны коргоого макулдук берет.

14.9. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси төмөнкү учурларда өзүнүн милдеттеринен четтетилиши мүмкүн:

• программаны илимий-усулдук жетектөөнүн тийиштүү деңгээлинин жоктугу;

• акыркы беш жылдагы жарыяланган эмгектринин жоктугу;

• моралдык-этикалык сапаттарынын тийиштүү деңгээлинин жоктугу жөнүндө күбөлөндүрүүчү фактылардын болушу;

• адистешүүнүн магистранттарынын конференцияларда материалдарын жарыялоо менен катышуусунун төмөн деңгээли;

• окутуу мөөнөтү ичинде магистранттын жаш окумуштуулардын конференцияларына катышуусун жана анын эмгектеринин басма сөздө апробацияланышын камсыз кылбай калган учурда.

15. МАГИСТРАТУРАНЫН ПРОГРАММАСЫНА ЖЕТЕКЧИЛИК

Магистрдик программанын билим берүү бөлүмүнүн жана илимий мазмунунун жалпы жетекчисинин милдетин профессор же илимдин доктору аткарат; бир профессор же илимдин доктору ушундай экиден көп эмес магистрдик программаны жетектей алат; жогорку окуу жайынын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен магистрдик программанын жетекчилигин доценттин наамына ээ илимдин кандидаты да аткара алат.

Магистратуранын программасынын жетекчиси тиешелүү кафедранын отурумунда дайындалат жана Ош МПУнун ректорунун же окуу иштери боюнча проректорунун буйругу менен бекитилет.

Магистратуранын программасынын жетекчиси болууга тийиш:

15.1. Илимдин магистрин даярдоого илимий-усулдук жектекчиликти жүзөгө ашырууга;

15.2. Магистрантка магистрдик даярдоонун жекече планын түзүүгө көмөк көрсөтүүгө жана анын аткарылышына тутумдуу көзөмөлдү жүзөгө ашырууга тийиш.

15.3. Өз алдынча иштерди, курстук иштерди аткарууда, ошондой эле магистрдик диссертацияны жазууда кошумча усулдук жардам көрсөтүүгө тийиш.

15.4. Илимий-изилдөөчүлүк иштин темасы боюнча зарыл адабияттарды, маалыматтык, статистикалык, архивдик материалдарды ж.б. булактарды сунуштоодо консультациялык жардам көрсөтүүгө.

15.5. Илимий-изилдөөчүлүк жана илимий-педагогикалык практикаларды өтүүнүн үстүнөн көзөмөлдү жүзөгө ашырууга.

15.6. Магистранттардын илимий-изилдөөчүлүк ишин аткаруунун жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөгө.

15.7. Магистрдик даярдоонун жекече планына ылайык, магистранттын изилдөөлөрүн конференцияларда апробациялоосунун жыйынтыктарын эске алуу менен аттестация өткөрүүгө.

15.8. Магистранттардын сабактарга: дарстарга, практикалык сабактарга катышуусун жана магистранттын жекече өз алдынча аткараган илимий изилдөө иштерин көзөмөлдөөгө.

15.9. Берилген адистик боюнча иштеген окутуучулардын жогору аткаруучулук тартипти сакгоосу үчүн жоопкерчилик тартууга.

15.10. Адистешүү дисциплиналарынын жумушчу программаларынын сапатына көзөмөлдү жүзөгө ашырууга.

15.11. Магистранттардын жана окутуучулардын ишмердүүлүгүн кафедралардын жана магистратура бөлүмүнүн отурумдарында талкуулоону уюштурууга.

15.12. Берилген программалар боюнча окутушкан окутуучуларга туруктуу илимий-усулдук жардам көрсөтүүгө.

15.13. Берилген программа боюнчяа окуп жаткан ар бир магистранттын жекече планын аткаруусу жөнүндө корутунду даярдоого.

15.14. Магистратуранын программасынын жетекчиси төмөнкү учурларда программаны жетектөөдөн четтетилиши мүмкүн:

• илимий-усулдук жетекчиликтин тийиштүү деңгээлинин жоктугу;

• акыркы беш жылдагы жарыяланган илимий иштеринин жоктугу;

• моралдык-этикалык сапатгарынын тийиштүү деңгээлинин жоктугу;

• программанын жаныланууучулугунун төмөн деңгээли (жылына 20%дан аз);

• аткаруучулук тартиптин төмөн деңгээлин тастыктоочу фактылардын болушу;

•адистешүүгө тапшырган магистранттардын эленишинин (окуудан чыгарылышынын) жогору (20%дан көп) деңгээли.

1-тиркеме

А.Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

Магистратура бөлүмү

_____ кафедрасы

Кафеданын отурумунда
каралды жана сунушталды
Кафедра башчы _____
(аты-жөнү)
_____ _____
(күнү) (колу)

"Бекитемин"
_____
Илимий иштер боюнча проректор
_____
(аты-жөнү)
_____ _____
(күнү) (колу)

_____ багыты боюнча

_____ магистрлик программасынын

ИШ ПЛАНЫ

Магистрант _____

Магистранттын 1-семестрдеги окуу планы

№	Иштин аталыштары	Аткарылгандыгы боюнча белги		Эскертүү
		Күнү	Баасы (зачет)	
1.	**Окуу иштери** (*Дисциплиналарды окутуу, өздөштүрүүсү жана сынактарды тапшыруу туралуу белги)*			
2.	**Магистранттын илимий изилдөө иштери** (*Кафедранын кеңешмесинде изилдөө багытын, темасын тандоо, негиздемеси, максаты, милдеттери, изилдөө усулдары)*			
3.	Башкаруучулук практикасы			
4.	Башка иштердин түрлөрү			

Магистрант _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Илимий жетекчи _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистрдик программанын жетекчиси _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистранттын 2-семестрдеги окуу планы

№	Иштин аталыштары	Аткарылгандыгы боюнча белги		Эскертүү
		Күнү	Баасы (зачет)	
1.	**Окуу иштери** (*Дисциплиналарды окутуу, өздөштүрүүсү жана сынактарды тапшыруу туралуу белги)*			
2.	**Магистранттын илимий изилдөө иштери** (*Магистратура бөлүмүнө кафедрада бекитилген теманы тапшыруу; Магистрдик диссертациянын темасы боюнча тиешелүү адабияттарды анализдөө. Магистрдик диссертациянын болжолдуу иш планын түзүп, материалдарды анализдөө.)*			
3.	**Илимий-педагогикалык практикасы** *(Илимий жетекчиге магистрдик диссертациянын илимий-педагогикалык практика мезгилинде аткарылган бөлүмүнөн зачет тапшыруу.)*			
4.	Башка иштердин түрлөрү			

Магистрант _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Илимий жетекчи _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистрдик программанын жетекчиси _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистрант _____ _____ кафедранын протокол №__ “___” _____ _____чечими менен аттестацияланды.

Кафедра башчысы_____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистрант _____ 1-курстун окуу планын аткарды/ аткарбады.

Магистранттын 3-семестрдеги окуу планы

№	Иштин аталыштары	Аткарылгандыгы боюнча белги		Эскертүү
		Күнү	Баасы (зачет)	
1.	**Окуу иштери** (*Дисциплиналарды окутуу, өздөштүрүүсү жана сынактарды тапшыруу туралуу белги)*			
2.	**Илимий изилдөө иштери** (*Илимий иштердин натыйжасы боюнча жетекчиге илимий макаланын жумушчу вариантарын тапшыруу; Илимий практикалык конференцияларга катышуу үчүн илимий баяндаманы жана анын тезисин даярдоо; Магистрдик диссертациянын негизги бөлүгүн анализдеп, жумушчу вариантын жетекчи менен бирге талкулоо.)*			
3.	**Илимий-изилдөө практикасы** *(Илимий жетекчиге магистрдик диссертациянын илимий-изилдөө практика мезгилинде аткарылган бөлүмүнөн зачет тапшыруу.)*			
4.	Башка иштердин түрлөрү			

Магистрант _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Илимий жетекчи _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистранттын 4-семестрдеги окуу планы

№	Иштин аталыштары	Аткарылгандыгы боюнча белги		Эскертүү
		Күнү	Баасы (зачет)	
1.	**Окуу иштери** (*Дисциплиналарды окутуу, өздөштүрүүсү жана сынактарды тапшыруу туралуу белги)*			
2.	**Илимий изилдөө иштери** (*Магистрдик диссертацияга берилген эскертүүлөр, түзөтүүлөр, диссертацияны жасалгалоо иштерин бүтүрүү; Магистрдик диссертацияга илимий жетекчинин пикири, рецензенттин сын пикирин даярдоо; Магистратура бөлүмүнө каттоодон өткөрүү.)*			
3.	**Илимий-изилдөө практикасы** *(Илимий жетекчиге магистрдик диссертациянын илимий-изилдөө практика мезгилинде аткарылган бөлүмүнөн зачет тапшыруу.)*			
4.	Иштин түрү. Магистрдик диссертацияны алдын ала коргоо жана кафедрада ишти коргоо боюнча сунушу.			

Магистрант _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Илимий жетекчи _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистрант _____
(аты жөнү)

2-курстун магистранты _____
окуу планын аткарды/аткарган жок.

Магистрдик программаны _____
бүтүрдү/бүтүргөн жок.

_____
_____аттуу
магистрдик диссертация коргоого сунушталды/сунушталган жок.

Магистрант _____ _____ кафедранын протокол №__ “___” _____ _____чечими менен аттестацияланды.

Кафедра башчысы _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

Магистратура бөлүмүнүн башчысы _____ _____ _____
(аты-жөнү) (колу) (күнү)

2-тиркеме

А.Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

_____ кафедрасы

“Бекитемин”
_____
Кафедра башчы
“____” _____

БАШКАРУУЧУЛУК ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ

Магистратуранын 1-курсунун магистранты, аты-жөнү
_____

Илимий жетекчи, аты-жөнү _____

1. Практикадан өтүү мөөнөттөрү: _____
2. Өтүү орду: _____
3. Максаты:
   3.1._____
   3.2_____
   3.3._____
   3.4_____
4. Милдеттери (болжолдуу тизмеси):
   4.1. _____
   4.2. _____
   4.3._____
   4.4._____

5. Иштерди аткаруунун план графиги

№	Өтүү этаптары	Аткаруу мөөнөттөрү	Эскертүү
1.			
2.			
3.			

Магистранттын колу _____

Илимий жетекчинин колу _____

Магистратуранын программасынын жетекчисинин колу _____

3-тиркеме

А.Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

_____ кафедрасы

“Бекитемин”
_____
Кафедра башчы
“____” _____

ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ПРОГРАММАСЫ

Магистратуранын 1-курсунун магистранты, аты-жөнү_____

_____

Илимий жетекчи, аты жөнү _____

Практиканын жетекчиси аты жөнү _____

1. Практикадан өтүү мөөнөттөрү: _____
2. Өтүү орду: _____
3. Илимий-педагогикалык практиканын планы _____

№	Өтүү этаптары	Аткаруу мөөнөттөрү	Эскертүү
1.			
2.			

Магистранттын колу _____

Илимий жетекчинин колу _____

Практиканын жетекчисинин колу _____

4-тиркеме

А.Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

_____ кафедрасы

ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАДАН ӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

Магистратуранын 1-курсунун магистранты, аты-жөнү_____

_____

Илимий жетекчи, аты жөнү _____

Практиканын жетекчиси аты жөнү _____

1. Практикадан өтүү мөөнөттөрү: _____
2. Өтүү орду: _____

Андан ары, эркин формада, практиканын жекече программасына ылайык илимий-педагогикалык практикадан өтүүнүн натыйжалары баяндалат (2-тиркеме). Отчетко сабактардын тексттери (тезистери), практикалык, лабораториялык сабактардын пландары жана «отчеттуулук формасы» графасында көрсөтүлгөн башка материалдар тиркелет.

Магистранттын колу _____

Ош МПУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда каралды, 202_-жылдын “___”_____ “№__” протокол «киргизилди» Ош МПУнун «_____» кафедрасы

5-тиркеме

А.Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

_____ кафедрасы

“Бекитемин”
_____
Кафедра башчы
“____” _____

ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ПРАКТИКАСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ

Магистратуранын 2-курсунун магистранты, аты-жөнү_____
_____
1.Практикадан өтүү мөөнөтү: _____
2.Өтүү орду: _____
3.Илимий-изилдөө практикасынын максаты _____
_____
_____
_____
4.Илимий изилдөө багыты_____
_____
_____
_____
_____
5.Изилдөөнүн максаты _____
_____
_____
_____
6.Изилдөөнүн милдеттери_____
_____
_____
_____
_____
7.Негизги адабияттардын тизмеси_____
_____
_____
_____
_____

_____
_____
_____
_____

8.Изилдөөнүн практикалык мааниси _____
_____
_____
_____
_____

9.Күтүлүүчү натыйжалары _____
_____
_____
_____
_____
_____
_____

10.Магистранттын илимий жетекчиси_____
_____
(ФАА, окумуштуулук даражасы, наамы)

11.Магистирдик программанын жетекчиси_____
_____
(ФАА.) (колу) (күнү)

12.Илимий жетекчинин колдоосу менен магистранттын илимий багыты, темасы, негиздемеси, практикалык мааниси, күтүлүүчү натыйжалары
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____
_____кафедрасынын кеңешмесинде талкууланып №_____ «____» _____ 20__ж.

13.Магистранттын илимий багыты, темасы магистратура бөлүмүндө кабыл алынды.

14. Иш кагаз №_____ «____» _____ 20__ж.